Бекитемин

№17 МГ директору

_________ Омурзакова Д.

№17 мектеп-гимназиясынын кабинетти пайдалануу.

ЖОБОСУ.

1.Жалпы жобо

1.1 Кабинет башчы болуп ошол кабинетте классы окуган предметтик мугалимдердин бирөөсү дайындалат.

1.2 Кабинет башчысы мектеп директору тарабынан дайындалат жана бошотулат.

1.3 Кабинет башчысы төмөндөгү эрежелердин негизинде иш жүргүзөт.

- КРнын Билим берүү мыйзамынын негизинде;
- мектептин ички тартип эрежелеринин негизинде;
- учурдагы Жобонун негизинде.

1.4 Кабинетти жасалгалоо ата-энелердин макулдугу менен атайын адис-көркөмдөөчүнүн жардамы аркылуу эмгек келишиминин негизинде жүргүзүлүшү керек.

1.5 Кабинеттин абалын көзөмөлдөө жылына 2 жолу профком менен бирдикте администрация тарабынан жүргүзүлүп, жыйынтыгынын негизинде кабинет башчылык маяна төлөө директордун буйругу менен берилет.

Көзөмөл иши төмөндөгүдөй критерийлерди камтыйт:

1. Кабинеттин жалпы абалы;

- санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышы;
- эмеректердин абалы;
- жашылдандыруу;

2. Коопсздук эрежелеринин сакталышы;

- Коопсуздук эрежелер боюнча инструкциялрдын болушу;
- Кабинеттин жабдылышында коопсуздук эрежелеринин сакталышы;

3. Методикалык жактан уюштурулушу;

- демонстративдик бөлүм (таблицалар, карталар, көрсөтмө куралдар, тиешелүү усулдук китептер ж. б. материалдардын системалуулугу);
- Кабинеттин сабакка керектүү буюмдар жана санитардык-гигеналык норманы сактоодогу каражаттар, термометр жана аптечкалар менен камсыздалышы;
- Кабинетти иштетүү жүгүртмөсүнүн болушу;
- Кабинеттин өнүктүрүүнүн перепективалык жана бир жылдык планынын болушу.

Макулдашылды

№17 МГнын профкому

______________Э.Талипов.

Бекитемин

Директор: № 17 МГ

__________ Омурзакова Д.

Базар-Коргон районундагы № 17 мектеп-гимназиясынын "Эмгекти коргоо" жөнүндө.

ЖОБОСУ

1. Жалпы жобо :

1.1 Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аттестациялоо, зыяндуу факторлору көрсөтүлгөн жумуш орундарынын тизмеси.

1.2 Эмгекти коргоо боюнча окутуу жана билимдерин текшерүү .

1.3 Кызматкерлерди жумуштун коопсуз ыкмаларына жана жолдоруна окутуу .

1.4 Кабинеттерди, бурчтарды уюштуруу, алар үчүн зарыл приборлорду, көрсөтмо пособиелерди, көрсөтө турган аппаратураны ж. б. сатып алуу, эмгекти коргоо боюнча көргөзмөлөрдү өткөрүү.

1.5 Эмгек шарттары боюнча кошумча үстөк акы төлөө боюнча бекитилген өндүрүштөрдүн , жумуштардын, кесиптердин, жана кызматтардын тизмесин иштеп чыгуу жана бекитүү.

1.6 Эмгек шарттарын боюнча кошумча үстөк акы төлөө боюнча бекитилген өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмесин иштеп чыгуу жана бекитүү.

1.7 Окуу кабинеттерде, коридорлордо ж.б. жерлерде болгон жылуулук берүүчү жана желдетүүчү системаларды орнотуу жана болгондорун кайра конструкциялоо

Табигый жана жасалма жарык берүүнү талаптарга ылайык ченемдерге ылайык келтирүү;

Кабинеттерди кайра пландоо өндүрүштүк жабдууну жайгаштыруу;

1.8 Уюштурулган эс алуу жайларын эмоциялык бошонуу имараттарын жана бөлмөлөрүн түзүү.

1.9 Алгачкы медициналвк жардам аптечкалары менен камсыз кылуу.

1.10 Кыргыз Республикасынын Эмгек министирлигинин токтомдору менен бекитилген типтүү актылык-ченемдерге, кызматкерлерди жеке коргонуунун атайын кийим, атайын бут кийим кана башка каражаттар менен камсыз кылуу тартибине ылайык (КР Эмгек кодексинин214-ст).

1.11 Талаптарга ылайык, ошондой эле өрт коопсуздугу боюнча эрежелердин негизинде өрт коопсуздугу чаралары жөнүндө нускамаларды мекеменин кесиптик бирдиги иштеп чыгуу жана бекитүү . Мекемеге өрт чыгып кеткен учурда аламдарды эвакуациялоо нускамасын жана плпн-схемасын иштеп чыгуу жана камсыз кылуу. Өрт сигнализациясын монтаждоо жана пайдаланууга киргизүү иштерин жүргүзүү.

2. Негизги уюштуруу иштери.

2.1 Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аттестациялоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө. Жобого ылайык "Эмгекти коргоо жөнүндө" КР Мыйзамы 01.08.03-ж жыл сайын тааныштыруу өткөрүлөт.

2.2 КРнын Өкмөтүнүн 05.04.04-ж №225 токтомуна ылайык КРнын Эмгек кодексинин 216-ст "Эмгекти коргоо боюнча окутуунун тартиби жана эмгекти коргоо талаптарын билүүнү текшерүү" ылайык иш-чара уюштурулат.

2.3 01.08.03-ж №167 КР "эмгекти коргоо жонүндө" Эмгек коопсуздугу боюнча окутууну уюштуруу боюнча жалпы жоболор каралат

2.4 Билим берүү уюмдарнда компьютерде иштеп жаткан мугалимдердин жумуш орундарынын абалы көпчүлүк учурда санитардык ченемдердин талаптарына ылайык келбей тургандыгын белгилей кетүү керек. Ошондуктан макулдашууга окуучуларды жана мугалимдерди аралыкты (оператордон дисплейдин экранына чейин) сактоону камсыз кыла турган үстөлдүн жана атайын конструкциядагы жумушчу креслосунун зарыл бийиктигин камсыз кылуучу түзүлүштөрдү же иштөөчү үстөлдөрдү жасоону же сатып алууну караган пунктту киргизүү зарл.

2.5 Жылына бир жолу билим берүү уюмдарынын кызматкерлери электр коопсуздугу боюнча нускамалардан өтүүгө милдетүү. Физика,информатика, химия мугалимдери электр коопсуздугу боюнча нускамалардан өтүүгө милдеттүү. Эгерде эмгекти коргоо боюнча билимдерди текшерүү жана нускамалоо жүргүзүлбөсө, анда текшерүү органдар мекеменин ишин токтотуп коюуга укуктуу (КР Эмгек кодексинин216-ст).

Киришме нускама кызматкерлерди ишке кабыл алуу учурунда жүргүзүлөт. Иш ордунда эмгекти коргоо боюнча нускамалар жарым жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Билим берүү кызматкерлерин курстук кайра даярдоо 3 жылда 1 жолу жүргүзүлөт.

2.6 Бекитилген тартипте жыл сайын жана мезгилдүү медициналык кароо уюштурулат.

"Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамынын 10-ст зыяндуу эмгек шарттарында иштегендиги үчүн компенсация (15%дык үстөк акы). КР өкмөтүнүн токтому 27.04.15.№258 төлөнөт.

3. Техникалык иш-чаралар.

3.1 Жыл сайын ар бир билим берүү системаларын жуу жана престөө, кыш мезгилинде нормалдуу режимди камсыз кылуу максатында жылуулук трассасынын өзүнчө участкаларында алмаштыруу жана кайра конструкциялоо жүргүзүлөт.

3.2 Август айында күз-кыш мезгилинин башталынына чейин ар бир мекемеде терезелерге айнек салууну жана аларды жууну, жаңы жарык берүүчүлөрдү орнотуу зарыл

4. Даарылоо, алдын-алуу жана санитардык-тиричилик иш чаралары.

4.1 Бекитилген тартипте жыл сайын жана мезгилдүү медициналык кароо.

4.2 Ченемдер боюнча атайын кийим, атайын бут кийим жана башка жеке коргонуунун каражаттарын акысыз берүү.

4.3 Самын жана башка жугушсуз кылуу каражаттарын акысыз берүү.

5. Өрт коопсуздугу боюнча иш-чаралар.

5.1 Билим берүү мекемеси үчүн өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө объективдүү нускама (беш жылда бир жолу ) түзүү.

5.2 Өрт коопсуздугу боюнча нускаманы өткөрүүнү каттоочу журналдар менен камсыз кылуу;

5.3 Мекеменин түзүмдүк бөлүктөрүн өрттү өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыз кылуу;

5.4 Мекемеде иштеп жана окуп жаткандарды өрт коопсуздугун камсыз кылуу чараларын окутууну уюштуруу жана окутуу, персоналдын бардыгын эвакуациялоо боюнча тренировкалык иш чараларды жүргүзүү;

5.5 Бузулган эмеректерди жана башка жараксыз нерселерди сактоочу запастык эвакуациялык жолдорду бошотуу